# Облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин спартакиадасы башталды




Ош облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошуунунун спартакиадасы 21-майда ОшМУнун спорттук базасында башталды. Спорттук мелдешке район, шаар жана жогорку окуу жайларынан катышкан командалар катышып жатат. Алар спорттун волейбол, мини футбол, стритбол, ордо, шахмат, стол тенниси, тогуз коргоол сыяктуу түрлөрү менен мелдешет.

Оюндар 21-22-май күндөрү ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин спорт комплексинде жана табият таануу жана география факультетинин спорт залында өтөт.


Спорт - бул сергек жашоо, жаркын келечек!
ОшМУ
ОшМУ
7

